УДК 94 (47)

# НАРЫН ШААРЫ – ТУРДУКЕ БААТЫР МЕНЕН ХАН КАРЫМШАК

**БОКОЕВ К.С.**

Кыргыз тарыхы жалаң эле архивдик документтер эмес, атактуу кыргыз санжырачылары тарабынан айтылган маалыматтар менен дагы такталып толукталып, тарых китептерине жазылып келгендиги белгилүү. Буга мисал, Саяк уруусунан Садырдын, Сарбагыш уруусунан Ормон менен Жантайдын, Кушчу уруусунан Бүргөнүн, Черик уруусунан Онтогор менен Карымшактардын хан аталышы тууралуу күбөлүктөрүнүн жоктугу, алардын туулган, өлгөн жылдары ж.б. өзгөчө маалыматтарынын кагаз бетинде калбагандыгы өкүнүч жаратып келет. Бирок, ошол эле учурда кылымдар бою эл оозунда айтылган маалыматтар аздан болсо дагы аныкталып, ата-бабабыздын эли журтуна кошкон салымдары мен кыргыз деген атуулду сыймыктантып келе жаткандыгы жашыруун эмес. Нарындык черик кыргыздары Орусия букаралыгына 1863-ж. кошулгандан кийин, Верный шаарында турган Ала-Тоо округунун генерал-губернатору А.Г.Колпаковский Көк-Жон жайлоосунда турган хан Карымшакка 1866-ж. кеңешке келген. Кеңеште Торугарт ашуусундагы Орус-Кытай чегине чукул Ат-Башынын мурдагы “Пограничник” колхозу жайгашып турган жерге аскердик чеп куруу маселеси каралган болучу. Бул отурумга орустар менен алакасы ысык Карымшак башында турган Эшкулу, Баястан, Орус, Татыбек, Матай бийлер катышып, натыйжада алар Ат-Башыга чеп курууга каршы чыккан. Жергиликтүү калк башчылары жана “өтө күчтүү” Карымшак хан менен эсептешкенди жакшы билген сабырдуу Герасим Алексеевич баштаган орус төрөлөрү менен ушул кыргыздар ат арытып Нарын дайрасынын жээгине келишкен болучу. Куш тилиндей Нарындын ээн, стратегиялык мааниге ээ экендигине көзү жеткен орус төрөсү Нарынга “Нарын аскер чебинин”, “Нарын аскер бейтапканасынын” жана “Нарын аскер асма көпүрөсүнүн” курулуш иштери баштала тургандыгын белгилеген. Ошентип 1868-ж. Нарындагы азыркы №2025 чек ара аскер бөлүгү жайгашып турган жерге “Нарын аскер чеби”, облустук ооруканасы турган жерге “Нарын аскер бейтапканасы”, ал эми Нарын дайрасына “Нарын аскер асма көпүрөсү” курулуп бүтүп, Улуу Жибек соода жолунун боюна Нарын шаары негизделген. Бул улуу курулуштардын Нарын жергесинде аякташы менен орус төрөлөрү алгачкы жолу Нарынга чоң салтанат уюштурган. Бул салтанатка Карымшак хан башында турган Эшкулу, Орус, Баястан, Татыбек, Матай бийлер катышып орустардын алгачкы сыйын көрүшкөн (1,2,3,4). Бүгүнкү илимий конференциянын дагы бир максаты Карымшактын хан аталышы боюнча маалыматтарды тактоо, аныктоо.

Ал зарылчылык төрт тарыхый далилге токтолот. Биринчиси: Ч.Валиханов 1858-ж. Нарындан Кашкарга чейинки кыргыздарда болуп, жазып калтырган күндөлүгүндө Карымшакты таасирлүү бийлердин катарына кошпой аны “өтө күчтүү Карымшак” деп өзүнчө бөлүп атоосу; Экинчиси: Какшаал, Ат-Башы, Нарында турган чоңбагыш, черик уруулары ал инсанды Хан Карымшак деп ошол кылымдан бери ооздон-оозго азыркыга чейин айтып келе жаткан икаясы. 1856-ж. Ажыбек баатыр өлгөнгө чейин Нарынга келген Ч.Валиханов чериктерди Ажыбек менен Карымшак башкарат деп жазып кеткен тарыхый маалыматы. 1863-ж. Орус падыша өкмөтүнөн Чоң Күмүш медаль, 1-даражадагы нооту чепкен менен сыйланышы жана 1963-ж. 30-октябрдагы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы; Үчүнчүсү: атактуу манасчы Ыбырай Абдрахмановдун 1958-ж. жазып кеткен жогорудагы тарыхый кол жазмасы жана 1864-ж. Ат-Башыдагы Торугарттан Орус-Кытай чегин бөлгөндө Россия тарапка Ак-Сайдан Долонго чейинки калкы менен калышы; Төртүнчүсү: 1867-ж. Түркестан генерал-губернаторлугу Жети-Суу облусун түзгөндөн баштап Карымшак хан башында турган чериктер тууралуу кабардар болуп, Россия ошол кездеги кыргыздардын борбор шаары Токмокко “Черик болуштугун” түзүп, болуштук бийликтер Карымшак ханга карашы.

Жогорудагы тарыхый маалыматтарды ирээттеп, тактоо менен 1864-1867-жылдар аралыгында Орусия Кытай менен чегин аныктап бүтүп, кыргыз жергесинде бийликти бекемдөө жана административдик-аймактык органдарды түзүүнү толук ишке ашырган. 1864-ж. орус-кытай чегинин Торугарттан бөлүнүшү боюнча далилдүү тарыхый маалыматтар турса дагы, эл арасында чек ара бөлүү боюнча ар кандай аңыз кептер бар. Мисалы: Нарын шаарына 125 жыл деген эмгекте: “1833-ж. кийин курулган Куртка чеби Нарын шаарынын негизин түзүп, 1867-ж. сепилдин ордуна Нарын чеби пайда болгон” - деп көрсөтсө (5), Байзак баатыр тууралуу жазган эмгекте: “Орус-кытай чек арасын ажыратканда кытай өкүлү айткандай, чек Нарын суусунун өйүз-бүйүзү эмес, тескерисинче, Торугарт, Үч-Турпан, Манас суусу аркылуу өтөрүн далилдүү талашып, чек бөлүүдө чоң роль ойноп, Байзак ак падышадан чен алган”деп көрсөтөт.

Нарындан Кашкарга чейинки аймакты ээлеген Турдуке менен Карымшак 1863-ж. Орусияга кошуп, 1864-ж. азыркы Торугарттан орус-кытай чек арасы аныкталып, 1868-ж. Нарын шаары азыркы №2025 чек ара аскер бөлүгү жайгашып турган жерге негизделсе, жогорудагы маалыматтар боюнча Нарын аскер чеби азыркы Ак-Талаа районун Куртка аймагына негизделип, Байзак кандай тартипте Ак-Сайдагы Торугарт чек арасын бөлгөнгө катышкан (6,7). Нарындык черик уруусунун улуу инсандары жөнүндөгү тарыхтар узак жылдар бою кыргыз тарыхына жазылбай, далилдүү баяндары жогорку окуу жайларга окутулбай келиши маалыматтардын эки ача болушуна себеп болуп жүрөт. 2002-ж. декабрь айында Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына байланыштуу «Русская Америка» гезити Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө деп 20 бетке толгон кыргыз тарыхын мамлекетибиздин борбору Бишкек шаарынан Америка контитентине чейин тараган. Мына ушул гезиттеги маалыматтар аркылуу Евразия калкы 2200 жылдык тарыхы бар Кыргыз элинде “ушундай уруулар”, “ушундай аталыштар”, “ушундай улуу инсандары” бар экен деп окуп жаңыдан таанышкандыгы талашсыз (8). Бул гезитке удаа эле ошол кездеги мамлекет башчы, окумуштуу А.Акаевдин «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу» деген көлөмдүү эмгеги жарык көрдү. Гезиттин 11-бетиндеги «Кыргыз элинин теги алардын таралышы тууралуу бак-даракка окшогон таблицасына атайын эле черик уруусун жазбай көрсөтпөй коюшкан. Ал эми, А.Акаевдин эмгегинде уйгур-кыргыз, кытай-кыргыз чегин эселтен бери эле кайтарып келе жаткан чериктердин улуу инсандарынан дайын жок. Аталган гезит менен окумуштуунун эмгегинде өз жакындары мамлекет куруп, даңазаланып, даңкталып, калган болучу. Бул жөрөлгөнү ээрчиген азыркы эгемен кыргыз тарыхы Кашкардан Букарга чейинки аймактарды 197 жыл башкарган Кара хан, Ташкент шаарынан Могол тоосуна чейинки аймактардагы Моголстан мамлекетин башкарып турган Баймурат хандын улусу тууралуу орчундуу баяндар кирген эмес. Самаркандды жердеген Аксак Темир башындагы мамлекет башчылар Баймураттын каракыргыздарын «Моголстандын жапайы токой арстандары» деп атаган маалыматтарынан дайын жок. Ал эми, 19-к. 1-2 жарымында Цинь бийлиги, кокон, кашкар хандыгынын баскынчылыктарына карата эрдиктердин үлгүсүн көрсөткөн, Кененсары хандын 1846-1847-жылкы эки жолку чабуулуна каршы согушка катышкан нарындык кыргыздардын баатыр уулдары кайда? Ошол 1847-ж. Кене хандын чабуулунда чачыранды кыргыз жоокерлерине башкы кол башчы хан болуп, кыргыздын ыйык туусун көтөргөн Ажыбек баатыр жазылбаган. Атактуу окумуштуу К.Үсөнбеков белгилегендей, Кененсарынын көп колунун курчоосунда бир нече жолу жалгыз калган Төрөгелди баатырды жана эр жүрөк казактардын колуна түшүп калган Шербото баатырды аман-эсен куткарып алган ошол эле Ажыбек, Калча, Атамбек, Турдуке, Карымшак ж.б. улуу инсандардан дайын жок (9,10,11). Тарыхтагы мындай мүчүлүштүктөр азыркы эгемен мамлекет курган учурда башталганбы же мурдакы совет мезгилиндеги окумуштуулардын арасында дагы болуп келгенби деген суроо бар. Сөзүбүз кур болбос үчүн, Молдо Мамасабыр Досболов менен Омор Сооронов 15-к. аягы 16-к. баш жагында фарс тилинде жазылган “Мажму-атут-товарих” деген кыргыз тарыхы боюнча бөлүшкөн оюн ортого салып көрөлү. Анда, отуз жылдан ашуун мезгил болсо дагы бул китепти кармап көргөн, ички сырын билейин, эмнени камтыды экен деген бир дагы кыргыз болбогондугун эскерген. Бул эскерүү чындыгында эле кызыгуу менен изилдөөнү талап кылат. Эмне үчүн кыргыз окумуштуулары же болбосо тарых жаатында эмгек кылып келе

жаткан топ-топ болгон кыргыздар, 1968-1996-ж.ж. чейин Бишкек шаарында сакталуу турган бул китепти ошол жерден алып изилдей турганга уруксаттары жана укуктары бар болсо дагы, алып изилдемек турсун китепти ачып (ошол китепти алган академик Х.Карасаев, З.Мамытбековдор дагы) караган эмес? Буга себептердин эң чоң оорусу эле эмне болгон? Балким уруу-уруучулук болуп жүрбөсүн? Ошол эмир Баймурат хандын уулдары Ахмед менен Бекназардан Ак-чубак, Бай-чубак, Молдо-черик, Дубан-черик, Кара-черик, Мухаммед-бек деген балдар таралат деп турат. Чындыгында эле, окумуштуу С.Аттокуров өз эмгегинде белгилегендей алар Чыгыш Түркстан, Какшаал, Улуу-Чат, Ак-Чий, Тоюн, Катуубагыш, Торугарт, Ак-Сай, Арпа менен Нарындын жергиликтүү калкы. Алар калмактардын бир кылымдан ашуун мезгилиндеги үстөмдүктө дагы бул ата-бабасынан калган жерлеринен кеткен эмес дейт. Бул окумуштуунун аныктоолоруна караганда чындыгында эле азыркы кыргыз окумуштуулары калмактар менен бир кылымдай жанаша жашап, кези келсе колуна курал алып салгылашып, ата-мекенин коргогон черик уруусунун көрүнүктүү улуу инсандары Онтогор хан менен Карагул баатырды, анын урпактары Токтобай менен Максүт бийлерди Тоймат шер менен Сазан баатырларды кыргыз тарыхына жаза албаган себебинин бири ушулбу?

Ал эми, ушул улуу инсандардын жиберүүсү менен А.Н.Бернштам белгилегендей, 1759-ж. Түп-Бээжиндин өзүндөгү Пань-шань Цзинь цзи сарайында турган Кытай императоруна барган Кутаалы (Ху-та-ли) башында турган чериктердин топ элчилеринин эмгектери кайда. Бул элчилердин эмгектери менен Чыгыш Түркстанга калмак чапкынында тентип кеткен 1000 (миң) түтүн эл 1760-ж. Ат-Башы-Нарынга көчүп келгендигин ким тастыктайт (12). Ал эми атактуу окумуштуу С.Аттокуров чериктер 1748-1760-жж., 1916-1920-жж. качкан-кайткан кыргыздарга жардам көрсөтүшүп, аларды ачкачылыктан сактап калышкан дейт. Бул маалыматтарга кошо турган дагы төмөндөгүдөй жагдайлар бар. Биринчиси, 1877-ж. кытайдан качкан дунгандарды, 1855-1870-жж. Ысык-Көлдө болгон уруу-уруу чабыштарынан кийин 1880-ж. баштап жер которгон жана 1916-жылкы Үркүндө качкан-кайткан кыргыздарды ж.о.э. 1918-1920-ж. кийинки жокчулуктун айынан тентиген казактарды нарындык кыргыздар “черик жарма“ менен ачарчылыктан, ”чериктин тепме чокоюу” менен Нарын менен Ат-Башынын кычыраган кышкы суугунан сактап калганы тарыхый чындык (13,14).

Тарыхты тактоо максатында биз Карымшак Сазан уулунун ким экендигине азын оолак тактоого кайра кайрылалы. Ч.Валихановдун Нарындан Кашкарга чейинки кыргыздарда 1856-ж. болуп, чериктерди: Ажыбек менен Карымшак башкарат, 1858-ж. экинчи сапарында чериктер эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчисин “таасирлүү бийлер” Орус, Сасык Орус, Кенжеш менен “өтө күчтүү” Карымшак; экинчисин Турдуке башкарат, ал Кокон бийлигин номиналдуу гана тааныйт эч кандай зекет, салык төлөбөйт дейт. Мейли окумуштуулар, мейли санжырачылар белгилегендей кыргыз тарыхында «өтө күчтүү бий», “өтө күчтүү баатыр» же болбосо «өтө күчсүз бий» же «өтө күчсүз баатыр» деген наам жок экендигин кимдер болсо билет. Мындай болгон учурда Карымшакты ары-бери чайкап анын эмгектерин эмдигиче кыргыз тарыхына чыгарбай келе жаткан окумуштуулар теңчиликке, калысчылыкка келүүсү зарыл (15,16). Карымшактын хан аталышы тууралуу дагы бир маалыматка кезек берели. 1930-1944-ж.ж. чейин Манасты жыйнаган Ыбырай Абдрахмановдун эли-журтуна 1958-ж. жазып таштап кеткен кол жазмасы 2010-ж. табылган. Анда, көптөгөн тарыхты тактай турган окуялар бар экендиги таң калтырат. Ал эмгектин биринчи бетинде “Черик уруусу. Бул тарыхый окуяны айтып жазган Абдрахманов Ибрай. Мен көз ачкандан тартып мындай тарыхый нерселерди көңүлүмө нык сактаганмын, Ага-инилердин өтүнүүсү боюнча печат эттирип тапшырдым. Маамыт Шермамбетовго 1958-жыл. ноябрь.” деген маалыматтар жайгашкан. Эмгектин 14-бетинде: “Куланактан төмөн Тогуз-Тороого чейинки саяк элин Тайлак баатыр башкарып турган. Тайлактан кийин анын уулу Осмон датка башкарып турган. Жумгал-Суусамырлык саяк элин Медет датка башкарып турган. Черик элин Ажыбек баатыр башкарып турган, Карымшак хандын карамагында” деп жазып калтырган. Демек, Карымшактын хан аталышы боюнча жогорудагы төрт далил ырасталат. Мындай маалыматтар улуу инсандар Ормон, Жантай, Бүргөө карата жазылып таштап кеткен өмүр таржымалдарында дагы жокко эсе. Негизи

эле Цинь, Кытай, Кокон, Кашкар хандыктары менен орус бийлигинен жогорку чин менен сыйлыктарды алган черик урууларынын улуу инсандарын атап кетүү зарылчылыгы бар. Алардын катарында: Ажыбек баатыр Кашкар беги, Жакыпбек-Бедөөлөттөн 30 күлүк, 3 болот кылыч, 3 болот калкан; Зор-Калча баатыр Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы күмүш менен карматылып чин тагылган (погону сакталып турат – К.Б.) кымкап чепкен жана Кашкар беги Жакыпбектин аты чөгөрүлгөн мөөр шакек, Турдуке Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы "кызыл топчу" мансабы, Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы Чоң Алтын медаль, 1-даражадагы баркыт чапаны, Карымшак Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы Чоң Күмүш медаль, 1-даражадагы нooту чепкени, Айдарбек (Айдарбек датка тууралуу атактуу жазуучу К.Жантөшов Каныбек романына кенен кесир жазган – К.Б.) Кокон хандыгынан датка наамын, Атамбек Орус Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы 1-даражадагы нооту чепкен, Абласан Кашкар хандыгынан датка наамын, Базаркул болуш Орус Өкмөтүнөн капитан чинин алган болучу. Жогорудагыдай черик урууларынын көп кылымдык эрдик менен эс-акылдын кенчи болгон тарыхын толук жазбай келе жаткан кыргыз окумуштуулары менен мамлекет башчылары уруунун баласы эмес улуттун баласы экендигин унутпашы керек. Эмне үчүн Кыргыз ССРи 1963-жылы Кыргызстандын Россияга ыктыярдуу кошулгандыгын 100 жылдыгын мамлекеттик деңгээлде өткөргөн? Бул иш чара эмне үчүн 1955-жылы өткөрүлгөн эмес. Ага тарыхый маалыматтар менен берилген далилүү жоопторду СССР тарыхынан кароо керек. Негизи эле, Турдуке баатыр менен хан Карымшактын тагдыры тайкы улуу инсандар окшойт. 1963-жылы Кыргыз ССР БК биринчи катчысы Т.У.Усубалиев башында турган республиканын башчылары Кыргызстандын Россиянын курамына кошулгандыгы тууралуу мамлекеттик иш чара өткөргөндө дагы бул улуу инсандардын аты көп себептер менен аталбаптыр. Мына ушул эки улуу инсандын арты менен 1963-жылы 30-октябрда Кыргыз ССРи "Ленин" ордени менен сыйланып, 15 союздук республикаларга даңазалангандыгын жана черик Ажыбек, Калча, Турдуке, Атамбек, Тилекмат, Чыныбай, Бошубек, Карымшак ж.б. баатырлар тууралуу маалыматтарды жашырып-жаап келгендигин ким танат (17).

Кошумча түшүнүктөр:

1. Ө.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (маалыматтаама).Б.-2003. 81-б.
2. Нарын облусунун энциклопедиясы. Б.-1999. 108-б.
3. Международный научный журнал. Научный мир Казахстана. г.Астана. 2011.№2(36).стр.132-136.
4. К.Бокоев. Нарындан Кашкарга чейинки Улуу инсандардын кыргыз тарыхындагы орду жана мамлекеттик ишмердүүлүгү (19к.20к.башы). Б.-2010.7, 194-218, 285-б.
5. О.Акматов ж.б. Нарын 125 (негизделишинин 125 жылдыгына карата). Н.1993.6-б.
6. С.Аттокуров. Кыргыз санжырасы. Б.-1995. 83-б.
7. С.Байгазиев. Жумгалдан чыккан даанышман же Байзак баатыр жөнүндө сөз. Б.-2004.11-б.
8. Русская Америка гезити. 2002. декабрь.
9. А.Акаев. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу. 2003. 166-288-б.
10. К.Усенбаев.Ормон хан.Б.-1999.68-б.
11. К.Бокоев. Кыргыз башкаруучусу Баймурат-төрө ж-а тарыхый улуу инсандар.Б-2006.
12. А.Н.Бернштам. Кыргыздардын жана кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер.Б.-2004.452 б.
13. С.Аттокуров. Кыргыз санжырасы. Б.-1995. 82-б.
14. Нарын облусунун энциклопедиясы. Б.-1999. 108-б.
15. Т.Н.Өмүрбеков. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (19 к. ортосу-20 к. башы).Б.-2003. 74-75-б.
16. Т.Н.Өмүрбеков. "Боромбай". Б.-2003.24-29-б.
17. К.С.Бокоев. Ажыбек баатыр (даректүү баяндар).Б.-2003.